Юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин талап боюнча төлөнүүчү депозиттеринин суммасы 1.Б Милдеттенмелер (R1A.) бөлүгүндөгү юридикалык жактардын

талап боюнча төлөнүүчү депозиттеринин суммасына туура келүүгө тийиш;

Юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин мөөнөттүү депозиттеринин суммасы 1.Б Милдеттенмелер (R1A.) бөлүгүндөгү юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттеринин суммасына туура келүүгө тийиш.

МРБОнун 1-Р бөлүкчөсүндөгү депозиттердин суммасы МРБОнун 13-бөлүгүндө дагы тиешелүү беренелерде көрсөтүлүшү керек.

«Акча которуу системалары боюнча камсыздандыруу депозиттери» деп аталган беренеде акча которуу системаларынын камсыздандыруу депозиттеринин саны жана суммасы көрсөтүлөт.»;

- 18.2-пункттун 13-бөлүгү төмөнкү редакцияда берилсин:

«18.2. «Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер» бөлүкчөсүнүн «Жеке адамдардын депозиттери» деп аталган сабында өлчөмү белгилүү диапазонго тиешелүү болгон, талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептерин кошо алганда, жеке адамдардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттеринин жалпы суммасы көрсөтүлөт.

«Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер» бөлүкчөсүнүн «Юридикалык жактардын депозиттери» деп аталган сабында эсептешүү эсептерин жана талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептерин кошо алганда, юридикалык жактардын, жеке ишкерлердин талап боюнча төлөнүүчү депозиттеринин жалпы суммасы көрсөтүлөт.

«Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери» деп аталган сабында депозит сертификаттарын жана мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептерин кошо алганда, юридикалык жактардын, жеке ишкерлердин мөөнөттүү депозиттеринин жалпы суммасы көрсөтүлөт.

«Жеке адамдардын мөөнөттүү депозиттери» деп аталган сабында сактык сертификаттарын жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн мөөнөттүү металл эсептерин кошо алганда, жеке адамдардын мөөнөттүү депозиттеринин жалпы суммасы көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп» тилкесиндеги сумма автоматтык түрдө эсептелет.»;

- 29.2-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«29.2. Ар бир жүргүзүлгөн валюталык СВОП-операциялар боюнча төмөнкүдөй реквизиттер көрсөтүлөт:

- валюталоонун баштапкы күнү
- валюталоонун акыркы күнү
- банк-контрагент (резидент жана резидент эмес)
- берилген валютанын аталышы
- берилген валютанын суммасы
- берилген валюта боюнча чен
- алынган валютанын аталышы
- алынган валютанын суммасы
- алынган валюта боюнча чен»;

- 30.3-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«Отчетто келишилген ар бир бүтүм боюнча төмөнкүдөй реквизиттер көрсөтүлөт:

- банк-контрагенттин аталышы (резидент жана резидент эмес)
- бүтүмгө келишилген күн
- келишилген бүтүмдүн мөөнөтү
- валютанын аталышы
- кредиттин көлөмү
- пайыздык чен
- күрөөнүн түрү.»;

- 31.5-пункту биринчи-төртүнчү жана алтынчы-сегизинчи абзацтары төмөнкү редакцияларда берилсин:

«Бир мезгилдин акырына карата эсептешүү жана депозиттик эсептердеги каражаттардын калдыгы" деген В. бөлүкчөсүндө отчеттук айдан кийинки айдын бирине карата абал боюнча мөөнөттүүлүк категориясы жана валюталардын түрлөрү боюнча юридикалык жактардын (банктардан тышкары) жана жеке адамдардын эсептешүү, депозиттик жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт. Жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде депозиттердин жана милдеттенмелердин мөөнөттүүлүгү төлөөгө чейинки айкын мөөнөтү боюнча чагылдырылат. Чет өлкө валютасындагы акча каражаттарынын калдыктарынын суммасы Улуттук банктын отчеттук айдын акырына карата эсептик курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт. Жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде милдеттенмелердин сом түрүндөгү эквиваленти отчеттук айдын акырына карата АКШ долларынын Улуттук банк тарабынан белгиленген расмий курсунун сомго карата кросс-курсу аркылуу эсептелген, баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясынын акыркы фиксинги боюнча эсептелет.

«Юридикалык жактардын депозиттери (ФКУлардан тышкары)» деп аталган 1-сапта банктардан жана башка финансы-кредит уюмдарынан тышкары резиденттердин-коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын эсептешүү, депозиттик жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги каражаттарынын суммасы, ошондой эле жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде ушул депозиттердин жана милдеттенмелердин орточо салмактанып алынган пайыздык чени мөөнөттүүлүк категориялары жана валюталар түрү боюнча чагылдырылат.

«Жеке адамдардын депозиттери» деп аталган 2-сапта жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин - резиденттердин эсептешүү, депозиттик жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги каражаттарынын суммасы, ошондой эле жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде бул депозиттер жана милдеттенмелер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары жана валюталар түрү боюнча көрсөтүлөт.

«Башка финансы-кредит уюмдарынын депозиттери» деп аталган 3-сапта башка финансы-кредит уюмдарынын-резиденттердин эсептешүү, депозиттик жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги каражаттарынын суммасы, ошондой эле жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде бул депозиттер жана милдеттенмелер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары жана валюталардын түрү боюнча чагылдырылат. Башка финансы-кредит уюмдарына камсыздандыруу компаниялары, инвестициялык фонддор, фондулук биржалар, мамлекеттик жана жеке пенсиялык фонддор, микрокаржылоо уюмдары (микрокредиттик компаниялар, микрокредиттик агенттиктер, микрокаржылоо компаниялары), кредиттик союздар, күрөөканалар, алмашуу бюролору, Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы, Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду кирет.

«Резидент эместердин депозиттери» деп аталган 5-сапта резидент эместердин (юридикалык жактардын, жеке адамдардын, башка финансы-кредит уюмдарынын) эсептешүү, депозиттик жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги каражаттарынын суммасы, ошондой эле жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде бул депозиттер жана милдеттенмелер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары жана валюталардын түрү боюнча чагылдырылат.

«Жыйынтыгында» деп аталган 6-сапта эсептешүү, депозиттик жана эсептердеги каражаттардын суммасы, ошондой эле жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде бул депозиттер жана милдеттенмелер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары жана валюталар түрү боюнча көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп» деп аталган 7-сапта эсептешүү, депозиттик жана эсептердеги каражаттардын суммасы, ошондой эле жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде бул депозиттер жана милдеттенмелер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары боюнча көрсөтүлөт.»;

- 31.6-пунктчасынын биринчи-төртүнчү жана алтынчы-сегизинчи абзацтары төмөнкү

редакцияларда берилсин:

«31.6. «Бир мезгил ичинде кабыл алынган депозиттер» деп аталган Г. бөлүкчөсүндө отчеттук айда кабыл алынган, юридикалык жактардын (банктардан тышкары) жана жеке адамдардын депозиттери жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде милдеттенмелери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориясы жана валюта түрү боюнча көрсөтүлөт. Чет өлкө валютасындагы депозиттердин көлөмү Улуттук банктын отчеттук айдын акырына карата белгиленген эсептик курсу боюнча сом эквивалентинде чагылдырылат. Жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде милдеттенмелердин сом түрүндөгү эквиваленти отчеттук айдын акырына карата АКШ долларынын Улуттук банк тарабынан белгиленген расмий курсунун сомго карата кросс-курсу аркылуу эсептелген, баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясынын акыркы фиксинги боюнча эсептелет.

«Юридикалык жактардын депозиттери (ФКУдан тышкары)» деп аталган 1-сапта отчеттук айда кабыл алынган, банктардан жана башка финансы-кредит уюмдарынан тышкары, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын-резиденттердин депозиттери жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде милдеттенмелери боюнча суммалары жана орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары жана валюта түрү боюнча көрсөтүлөт.

«Жеке адамдардын депозиттери» деп аталган 2-сапта отчеттук ай ичинде кабыл алынган, жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин-резиденттердин депозиттери жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде милдеттенмелер боюнча суммалар жана орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары жана валюта түрү боюнча берилет.

«Башка финансы-кредит уюмдарынын депозиттери» деп аталган 3-сапта башка финансы-кредит уюмдардын-резиденттердин отчеттук ай ичинде кабыл алынган, депозиттер жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде милдеттенмелери боюнча суммалары жана орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары жана валюта түрү боюнча көрсөтүлөт. Башка финансы-кредит уюмдарына камсыздандыруу компаниялары, инвестициялык фонддор, фонддук биржалар, мамлекеттик жана жеке пенсиялык фонддор, микрокаржылоо уюмдары (микрокредиттик компаниялар, микрокредиттик агенттиктер, микрокаржылоо компаниялары), кредиттик союздар, күрөөканалар, алмашуу бюролору, Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансылык компаниясы, Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду ж.б. кирет.

«Резидент эместердин депозиттери» деп аталган 5-сапта резидент эместердин (юридикалык жактардын, жеке адамдардын, башка финансы-кредит уюмдарынын) отчеттук ай ичинде кабыл алынган депозиттеринин жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде милдеттенмелеринин суммасы жана орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары жана валюта түрү боюнча чагылдырылат.

«Жыйынтыгында» деп аталган 6-сапта отчеттук ай ичинде кабыл алынган бардык депозиттердин жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде милдеттенмелердин жалпы суммасы жана орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары жана валюта түрү боюнча көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп» деп аталган 7-сапта отчеттук ай ичинде кабыл алынган бардык депозиттердин жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде милдеттенмелердин жалпы суммасы жана орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары боюнча көрсөтүлөт.»;

- 32.1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«32.1. «Депозиттердин экономика тармактары боюнча көлөмү» деп аталган А.бөлүкчөсүндө юридикалык жактардын (банктардан тышкары) жана жеке адамдардын эсептешүү, депозиттик эсептериндеги жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги акча каражаттарынын отчеттук чейректен кийинки айдын бирине карата абал боюнча калдыктары мөөнөттүүлүк категориялары жана валюта түрү боюнча

чагылдырылат. Депозиттердин жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде милдеттенмелердин мөөнөттүүлүгү төлөөгө чейинки айкын мөөнөтү боюнча чагылдырылат. Чет өлкө валютасындагы акча каражаттарынын калдыгынын суммасы Улуттук банктын отчеттук чейректин акыркы айына карата эсептик курсу боюнча сом эквивалентинде чагылдырылат. Жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде милдеттенмелердин сом түрүндөгү эквиваленти отчеттук чейректин акырына карата АКШ долларынын Улуттук банк тарабынан белгиленген расмий курсунун сомго карата кросс-курсу аркылуу эсептелген, баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясынын акыркы фиксинги боюнча эсептелет. Бардык суммалар миң сом менен көрсөтүлүүгө тийиш.

Депозиттер жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер Кыргыз Республикасынын «Экономикалык ишкердик түрлөрү» мамлекеттик классификаторуна ылайык, кардарлардын жана аманатчылардын ишинин негизги түрүнө жараша экономиканын тармактары боюнча бөлүштүрүлүүгө тийиш. Эгерде кардар же аманатчы экономикалык ишкердикти жүргүзбөгөн жеке адам болуп саналса (пенсионерлер, студенттер ж.б.), анда банкка салынган акча каражаттарды «Жана башкалар» деген беренеде чагылдыруу зарыл.

Юридикалык (банктардан тышкары) жана жеке адамдардын мөөнөттүлүк категориялары жана валюта түрү боюнча эсептешүү жана депозиттик эсептериндеги жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктары отчеттук чейректин акыркы айынын акырына карата «Депозиттер, кредиттер жана колдонулган пайыздык чендер жөнүндө отчет» деп аталган 29-бөлүктүн «Депозиттердин көлөмү» деген В. формасында көрсөтүлгөн депозиттердин калдыктарына барабар болууга тийиш.»;

- 32.2-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«32.2.-пукнкттун «Экономика тармактары боюнча бир мезгил ичинде кабыл алынган депозиттер» деп аталган Б. бөлүкчөсүндө юридикалык жактардын жана жеке жактардын отчеттук мезгил (чейрек) ичинде кабыл алынган депозиттеринин жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелердин көлөмү мөөнөттүүлүк категориялары жана валюта түрү боюнча көрсөтүлөт. Жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринде милдеттенмелердин сом түрүндөгү эквиваленти отчеттук чейректин акырына карата АКШ долларынын Улуттук банк тарабынан белгиленген расмий курсунун сомго карата кросс-курсу аркылуу эсептелген, баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясынын акыркы фиксинги боюнча эсептелет. Бардык суммалар миң сом менен көрсөтүлүүгө тийиш.

Депозиттер жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер Кыргыз Республикасынын «Экономикалык иштин түрлөрү» мамлекеттик классификаторуна ылайык, кардарлардын жана аманатчылардын ишинин негизги түрүнө жараша экономиканын тармактары боюнча бөлүштүрүлүүгө тийиш. Эгерде кардар же аманатчы экономикалык иште жүргүзбөгөн жеке адам болуп саналса (пенсионерлер, студенттер ж.б.), анда банкка салынган акча каражаттарды «Жана башкалар» деген беренеде чагылдыруу зарыл.

Мөөнөттүүлүк категориялары жана валюта түрү боюнча отчеттук чейрек ичинде кабыл алынган депозиттердин жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелердин көлөмү «Депозиттер, кредиттер жана колдонулган пайыздык чендер жөнүндө отчет» деп аталган 29-бөлүктүн «Бир мезгил ичинде кабыл алынган депозиттер» деген Г. формасында көрсөтүлгөн депозиттердин тиешелүү чейректин үч айы ичиндеги суммасына барабар болууга тийиш.»;

- 35.1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«35.1. DBF форматында электрондук түрдө берилүүчү отчетто банктын күндүн акырына карата активдери, милдеттенмелери жана капиталы жөнүндө топтолгон күндөлүк маалыматтар камтылат. Ар бир валюта боюнча көрсөткүчтөрдүн мааниси номиналы боюнча валюта бирдигинде көрсөтүлөт. Отчеттун электрондук түрүнүн түзүмү 1-тиркемеде

берилген. Жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча баалуу металлдын троя унциясындагы салмагы жана баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясынын отчеттук күнгө карата кечки фиксинги боюнча көрсөтүлөт.»;

-35.3-пункту:

жетинчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

««Улуттук банктагы жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 1017-беренеде Улуттук банкта жайгаштырылган, жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги активдер берилет.

«Банктардагы жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 1018-беренеде банктарда-резиденттерде жайгаштырылган, жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги активдер берилет.

«Банктардагы жана башка финансы-кредит уюмдарындагы-резидент эместердеги жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 1019-беренеде банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында-резидент эместерде жайгаштырылган, жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги активдер көрсөтүлөт.»;

- кырк экинчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

««Улуттук банктагы жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1095-беренеде Улуттук банкта жайгаштырылган, жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги активдер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасын чагылдырылат.

«Банктардагы жана башка финансы-кредит уюмдарындагы жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1096-беренеде Банктардагы жана башка финансы-кредит уюмдарындагы жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги активдер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы көрсөтүлөт.

«Банктардагы жана башка финансы-кредит уюмдарындагы-резидент эместердеги жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1097-беренеде Банктардагы жана башка финансы-кредит уюмдарындагы-резидент эместердеги жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги активдер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы көрсөтүлөт.»;

- 35.4- пункту

токсон төртүнчү абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

««Банктардын талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 2210-беренеде банктар-резиденттер жана банктар-резидент эместер тарабынан жайгаштырылган, талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер көрсөтүлөт.

«Башка финансы-кредит уюмдарынын талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 2211-беренеде башка финансы-кредит уюмдары-резиденттер тарабынан жайгаштырылган, талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер чагылдырылат.

«Коммерциялык уюмдардын талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 2212-беренеде коммерциялык уюмдар-резиденттер тарабынан жайгаштырылган, талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер чагылдырылат.

«Коммерциялык эмес уюмдардын талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 2213-беренеде коммерциялык эмес уюмдар-резиденттер тарабынан жайгаштырылган, талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери

көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер чагылдырылат.

«Жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 2214-беренеде Жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин-резиденттер тарабынан жайгаштырылган, талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер көрсөтүлөт.

«Кардарлардын-резидент эместердин талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 2215-беренеде кардарлар -резидент эместер (банктардан башка) тарабынан жайгаштырылган, талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер көрсөтүлөт.

«Банктардын мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 2220-беренеде банктар-резиденттер жана банктар-резидент эместер тарабынан жайгаштырылган, мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер көрсөтүлөт.

«Башка финансы-кредит уюмдарынын мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 2221-беренеде башка финансы-кредит уюмдары-резиденттер тарабынан жайгаштырылган, мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер чагылдырылат.

«Коммерциялык уюмдардын мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 2222-беренеде коммерциялык уюмдар-резиденттер тарабынан жыйгаштырылган, мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер көрсөтүлөт.

«Коммерциялык эмес уюмдардын мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 2223-беренеде коммерциялык эмес уюмдар-резиденттер тарабынан жыйгаштырылган, мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер берилет.

«Жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 2224-беренеде жеке адамдар жана жеке ишкерлер-резиденттер тарабынан жайгаштырылган мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер берилет.

«Кардарлардын-резидент эместердин мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 2225-беренеде кардарлар-резидент эместер тарабынан жайгаштырылган, мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер чагылдырылат.

«Банктардын талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздар» деп аталган 2230-беренеде банктардын-резиденттердин жана банктардын-резидент эместердин талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Башка финансы-кредит уюмдарынын талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздар» деп аталган 2231-беренеде башка финансы-кредит уюмдардын-резиденттердин талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Коммерциялык уюмдардын талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздар» деп аталган 2232-беренеде коммерциялык эмес уюмдардын-резиденттердин талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздардын суммасы көрсөтүлөт.

«Коммерциялык эмес уюмдардын талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери

көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздар» деп аталган 2233-беренеде коммерциялык уюмдардын-резиденттердин талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздардын суммасы көрсөтүлөт.

«Жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздар» деп аталган 2234-беренеде жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин-резиденттердин талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Кардарлардын -резидент эместердин талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздар» деп аталган 2235-беренеде кардарлардын -резидент эместердин (банктардан башка) талап боюнча төлөнүүчү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздардын суммасы көрсөтүлөт.

«Банктардын мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздар» деп аталган 2240-беренеде банктардын-резиденттердин жана банктардын-резидент эместердин мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Башка финансы-кредит уюмдарынын мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздар» деп аталган 2241-беренеде башка финансы-кредит уюмдарынын мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздарынын суммасы берилет.

«Коммерциялык уюмдардын мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздар» деп аталган 2242-беренеде коммерциялык уюмдардын-резиденттердин мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Коммерциялык эмес уюмдардын мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздар» деп аталган 2243-беренеде коммерциялык эмес уюмдардын-резиденттердин мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептеринин милдеттенмелери боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздардын суммасы берилет.

«Жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздар» деп аталган 2244-беренеде жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Кардарлардын-резидент эместердин мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздар» деп аталган 2245-беренеде карлардын- резидент эместердин (банктардан башка) мөөнөттүү жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер боюнча төлөөгө кошуп эсептелинген пайыздардын суммасы чагылдырылат.»;

токсон бешинчи абзацтагы «2151» цифралары «2900» цифраларына алмаштырылсын.